*№ 4-5, 2026 Эл агартуу* DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5
*Илимий-педагогикалык жана методикалык журнал*

***ОБЗОРДУК МАКАЛА***
***ОБЗОРНАЯ СТАТЬЯ***
***REVIEW ARTICLE***

**УДК: 398.3:82(575.2) (04)**

***Көлбаева М.К., Арзиев Р.***
*Филол.илим.докт., КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы*
*Адабият институтунун "Манас", фольклор, акындар чыгармачылыгы бөлүмүнүн башчысы*
*Филол. илим.докт. (PhD), Абу Райхан Беруни атындагы*
*Үргөнч мамлекеттик университетинин философия кафедрасынын*
*доцентинин милдетин аткаруучу*

# КЫРГЫЗ-НОГОЙ ТАРЫХЫЙ-ФОЛЬКЛОРДУК БАЙЛАНЫШЫНЫН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

***Кольбаева М.К., Арзиев Р.***
*НАН КР имени Ч. Айтматова*
*Ургенчский государственный университет*

# «ИСТОРИЯ ИССЛЕДОВАНИЯ КЫРГЫЗСКО-НОГАЙСКИХ ИСТОРИКО-ФОЛЬКЛОРНЫХ СВЯЗЕЙ»

**Kölbaeva *M.K., Arziev R.***
*NAS KR named after Ch.Aitmatov*
*Urgench State University*

# "HISTORY OF THE STUDY OF KYRGYZ–NOGAI HISTORICAL AND FOLKLORIC CONNECTIONS"

**Аннотация:** Бул макалада «Манас» эпосундагы ногой этнониминин тарыхый, этномаданий жана көркөм-функционалдык өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, ногой түшүнүгүн талдаган С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, Б.Кебекова, К.Кулалиева ж.б. авторлордун эмгектерине обзор берилет. Алгач кыргыздар менен ногойлордун тарыхый жакындыгына сереп жасалып, эпосто берилиш өзгөчөлүктөрү эпикалык каарман, уруу, эл катары чагылдырылыш өзгөчөлүктөрү каралат. Бул маселелерди талдоодо С.Орозбаков, С.Каралаев, Б.Сазановдордун варианттары жетекке алынат. Жыйынтыгында "Манас" эпосундагы "ногой" термини эпикалык кейипкер, өзүнчө эл, уруу катары талдоодон улам этностук жалпылыктын символун, эпостун калыптанышындагы тарыхый катмарлардын түзүлүшүн, байыркы мезгилдердеги кыргыздарда борборлошкон күчтүү мамлекеттин чыгармада көркөм чагылдырылганы далилденет.
Ногой этноними "Манас" эпосунун тарыхый эс тутумун, түрк элдеринин өз ара байланышын жана кыргыздардын эпикалык дүйнөтаанымын чагылдырган маанилүү атоолордон экени белгиленет.
***Ачкыч сөздөр**: кыргыз, ногой, эпос, тарых, эс тутум, эпикалык кейипкер, этноним, символ*

Ногойлор – бул байыркы бир кездеги, бай тарыхка ээ болгон түрк тилдүү элдердин бири. Ногойлордун тарыхы, маданияты жана келип чыгышы Орто Азия жана Чыгыш Европанын тарыхы менен тыгыз байланышкан.

Ногой этнониминин аталышы тарыхый булактарда 13-кылымдын экинчи жарымындагы Алтын-Ордонун атактуу Ногой ханынын ысымы менен байланыштырылат.

*Экинчи,* 14-кылымдын аягында Алтын-Ордонун кулашына байланыштуу Ногой ордосу түзүлөт[4, 124].

Башка бир маалыматта орто кылымдагы мусулман булактарында (мисалы, Рашид ад-Диндин эмгектеринде, Сайф ад-дин Аксыкентинин "Маджму ат-таварих" аттуу эмгегинде же кийинки хивалык тарыхчы Абулгазы Бахадур хандын кол жазмаларында) бул эл көбүнчө маңгыттар деп аталып, "ногой" термини кийинчерээк сырттан берилген ат катары орноп, элдин өзүн-өзү атоосуна (самоназвание) айланган – деген маалыматтар бар. Ал эми тарыхчы Т.Алымбековдун "Кыргыз тарыхы боюнча фольклордук материалдар" [11, 231-б.] аттуу кол жазмасында Эне-Сайда турмуш кечирген эл Ногой жана Шыгай деген ордолорду негиздешип, Орто Азияга көчүү тууралуу чечим кабыл алганы тууралуу айтылат. Кыргыз тарыхы боюнча фольклордук материалдарды талдоого алган бул эмгекте ногой доору анан тарыхыйлуулук маселеси тууралуу бир катар пикирлер орун алат. Кийинчерээк эпоско Алтын-Ордонун түмөн башы Ногойдун аты менен байланышкан бир катмар катары жаңы окуялар киргени, Ногой ордосунун мезгили кыргыз эпосунун мезгилдик катмарлануусунда өзгөчө бир орунда тура турганы боюнча кыргыз фольклористи Р.З.Кыдырбаева

"Манас" энциклопесиясы китебинин баш сөзүндө өз пикирлерин билдирет. Ошол эле энциклопедияда ногойлордун кыргыздар менен тарыхый алакасы тууралуу да бир катар маалыматтар орун алат. Биринчи, 14-кылымда түзүлгөн ногой ордосу Волгадан Иртыш дарыясына, түштүгү Каспий, Арал деңизине чейин созулганы, ал тургай Чыгыш Европадагы моңгол уруусу – маңгыттар дагы ногой деген этноним менен өтө тыкыз байланышта экени айтылат. Экинчиден, 14-15-кылымда ногойлор Сыр-Дарыянын боюнда, Тянь-Шанда жашаган элдер менен экономикалык-этникалык байланышта болгону айтылат. Үчүнчүдөн, С.М. Абрамзондун этнографиялык материалдарынын негизинде кыргыз элинин 15-18-кылымдагы үчүнчү катмарынын түзүлүш маалында ногой-казак тобунун таасири күчтүү болгонун "Манас" эпосунан ачык байкалат [4, 124]. Кийин 15-16 кылымдарда Ногой ордосу күч алып, Орто Азия, Түштүк Батыш Сибирдеги көчмөн түрк элдеринин тарыхына өзгөчө таасир бергени тууралуу маалыматтар бар. Демек, ногой деген аталыштын кыргыз эли менен тарыхый байланышынын түбү тереңде экенин баамдоого болот. Мына ушундай тарыхый даректердин такталышына элдердин фольклордук жанрлардын булак таануучулук функциясы өзгөчө орун туруп, кыргыз-ногой байланыштарын тереңден талдоону талап кылат.

Кыргыздардын "Манас" эпосунда ногой аталышы эки аталышта берилет. Биринчиси, эпостогу кейипкер катары айтылат. Мисалы, С.Орозбаковдо:

"Улуусунун аты – Ногойдур,
Ортончусу – Шыгайдыр.
Кенжесинин аты – Чыйыр экен,
Угуз кандан бөлүнгөн,
Кара кыргыз кыйыры" экен
Атам Ногой кан болду. [5, 444]

Атам Ногой кан болду,
Жакып кандай жан болду" [5, 83]

Сагымбай Орозбаковдун вариантында ногойдун ордосу Ополдо болуп, ал Анжиян, Самаркан, Кашкар, Алай жана Соонар көлдүн айланасындагы элди башкарып турган кан болот. Манасчы Багыш Сазановдун вариантында ногойдун жигит кыздары, алардын мүнөзү, сырткы сыпаты да көркөм сүрөттөлөт:

"Он эки тайдын ногойдун,
Оозу түктүү орустун,
Ак калпак казак, кыргыздын
Келеңкер чачпай кең соору,
Келини сулуу ногойдун.
Жийденин кагы бураган,
Жибекти кийип буралган,
Жигити сулуу ногойдун [8, 222] Келтирилген мисалдарда ногойдун жигит кыздарын сыпаттоодо салттуу эпикалык көркөм сүрөттөөдөгү формулалык ыкмада колдонлганы менен ал элдин кыргыздан анча айырмаланы бербеген сыпат белгилери, сырткы көрүнүшү тууралуу маалымат алабыз. Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында эпизоддук кейипкер Огой деп айтылат. Мисалы, Манастын ата-бабалары тууралуу айтылган эпизоддо:

Түп атасы Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан.
Чаян кандан Огой кан,
Огой кайдан оңойдур,
Муну менен
Беттешкен адам жоголгон.
Сомдуктун суусун бойлогон,
Согушкан адам сойлогон [9, 18]

Манастын тек-жайын сүрөттөгөн эпизоддо негизги ой, салттуу окуялардагы баш каармандын ата-бабаларынын аттары, кылкылдаган кытай элинин кол салуусуна туруштук берип, элин коргоп, Бээжинге чейин уруш салган баатырдыктары жалпы жонунун бирдей. Бирок, Ногой деген атоо тилдик жагдайдан улам, оозеки кептеги айрым тыбыштардын сыйлыгышуусунан гана

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

түшүп, “огой” аталып калганын байкоо кыйын эмес. Ногойдун эпикалык кейипкер экенинин дагы бир далили Манастын кырк чоросунун бири Эштек да ногой уругунан экени айтылат. Анын уулу Манаска ынтымакташ болгон Жамгырчы Ногойдун баласы катары айтылат. “Айрым варианттарда анын атасы Эштек Манастын таятасы деп айтылат. Жамгырчы казак-ногой эпосторунда ногой мырзасы катары кеңири белгилүү. Тарыхый адам Жамгырчы Ногой ордосунун эмири Эдигенин чебереси. Айрым варианттарда Агыш, Кенженбай ж.б. каармандар да ногой элинен [3, 915]. Демек, мына бул фактылар ногойдун эпикалык каарман катары сүрөттөлүшүнүн мисалы болуп бере.

Экинчиден, ногой – “Манас” эпосунда этноним катары берилет. Айрым учурда чыгармада Манастын түздөн-түз кланын, династиясын же бийлик жүргүзгөн элин түшүндүрөт.

Ногой кыргыз уругу,
Татарларды ногой деп,
Не үчүн айтып коюптур.

Казак, ногой айткан жок,
Кыргызга калды нускасы.
Ага болом айран таң [6, 475] мисалдарда көрүнүп тургандай ногой кыргыз уруусунун бири, эң жакын тууганы. Изилдөөчүлөр В.Жирмунский, С.Абрамзон ногой, кыргыз аталышын бир эле эл катары карап, эки аталыш синоним катары колдонуларын белгилешет. Мындай ойго чыгармадагы “отуз уул – кыргыз, оң канат – ногой” деген сүрөттөөлөр түрткү болгон. Ошондой эле “кара ногой эли жок, кара кыргыз теги жок” деген саптарда эки элдин эки башка журт экенин түшүнөбүз. Ошондой болсо да бири бирине турмуштун ар кандай ысык-суугунда бирге болуп, бири-бирине көмөкчү, жардамчы жакын элдерден экени көрүнөт. Ошол эле жерде

Каракалпак түркмөндү,
Казак-кыргыз бүткөндү,
Аргын, ногой алашты,
Алты кылым адамды [10, 189]

Ушул турган Чубактын
Урганың Манас чың беле.
Ногойдон нойгут тың беле,
Чубактан Манас эр беле? [7, 335] мисалдарда көрүнүп тургандай эпостогу ногой аталышы башка боордош казак, каракалпак, түрк жана башка элдердей эле чагылдырылып, байыркы учурдагы уруулардын жакындык, боордоштугун билдирген эпикалык бirимдигин көрсөтүп турат.

Айрым окумуштуулар “Манас” эпосундагы түрк урууларынын, элдердин бирдей чагылдырылышы орто кылымдардагы (14-16-кылымдарда) кыргыз эли да Ногой ордосунун таасиринде болуп, эпостун калыптануу, доорлордун катмарлануусунун бир далили экенин айтышат. Мунун дагы бир далили эпосто ногой деген этноним менен кошо Эдил (Волга), Жайык (Урал) жана башка географиялык атоолор да орун алып, эпостун географиялык ареалынын абдан масштабдуу экенинен кабар берет. Ошол эле учурда кыргыз менен ногойдун тарыхый тагдырлаштыгынын далили экенин көрсөк болот.

Демек, “Манас” эпосундагы ногой аталышын талдоону төмөнкүдөй жыйынтыктоого болот

1. “Манас” эпосундагы “ногой” термини эпикалык кейипкер, кыргыз эли менен биртуугандыгы, достугу аткан өзүнчө эл, уруу жана да кыргыздардын байыркы уруулаш тууганы болгон этностук байланыштары эпосто мезгилдик жан мейкиндик чектин өтө кеңири экенин далилдеп, этностук жалпылык символун көрсөтүп турат:
2. Окумуштуулардын Ногой ордосунун доорундагы окуялардын, каармандардын эпосто чагылдырылышынан улам тарыхый катмарлардын түбү тереңде экенин, ошондой эле эпостун калыптануу мезгили тарыхый катмарлардын айкалышын далилдеп турат:
3. Айрым маалыматтарда “Манастын ата-бабаларынын “ногой” деп аталышы, кийинки кездеги Манастын кырк чоросунун бири Эштектин ногой уруусунан болуп, кырк уруу кыргыздын бир уругун түзүшү жана башка түрк тилдүү элдердей эле эпостогу бардык окуяларда (Көкөтөйдүн ашы, Чоң казат) бирге сүрөттөлүшү – бул биримдиктин жана борборлошкон күчтүү мамлекеттин үлгүсүн чагылдырып турат.

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

Мына ушундай “ногой” этнониминин кыргыз элинин улуу эпосу болгон “Манаста” чагылдырылышын анын каарман, эл, уруу аталышы катары берилишин ар кайсы илимдин ар түрдүү аспектисинен талдай берүүгө болот. Ал эми буга чейин бул маселе кыргыз фольклористикасында кандай изилденген деген суроону талдай өтөлү:

Байыркы кыргыз маданияты, дүйнөтаанымы боюнча иликтеген окумуштуулардын бири, эпосту алгач оозеки айткан айтуучудан алгачкылардан болуп кагазга түшүргө Ч.Валихановдун эмгектеринде кыргыз эпосторундагы ногой аталышын алгачкылардан болуп талдап, эпостогу тарыхый катмарлар тууралуу өз пикирин билдирсе, В.Радлов кыргыз фольклорундагы ногой-кыргыз байланыштарына байланышкан материалдарды жазып калтырат.

Ногой эли тууралуу тарыхый маалыматтарды Ө.Караев, И.Молдобаевдер “Манас” энциклопедиясында кыскача берет. Анда “ногой эли 13-кылымдын экинчи жарымындагы Алтын-Ордонун аскер башчысы Ногойдун бийлиги алдындагы түрк-монгол урууларынын жамдама аты” [12, 124] экени, 14-кылымдын аягында Алтын-Ордонун кулашына байланыштуу Ногой ордосу түзүлүп, территориялык жактан абдан чоң аймакты кучагына алган эл экендиги айтылат. Бул элдердин көчмөндүк мүнөзү, ал элдердин Сыр-Дарыя, Тянь-Шанда жашаган элдер менен этникалык-экономикалык жактан байланышта экенин, азыркы түндүк Кавказда жашаган ногойлор менен азыркы кыргыздар арасында жашаган онго жакын уруулардын аттарында окшоштуктар бар экенин, Ногой ордосунун (13-16-к., 15-16-к.) күч алып, Орто Азия, Түштүк-батыш, Сибирдеги көчмөн түрк элдеринин тарыхында зор роль ойногондугу ал элдердин эпикалык чыгармаларындагы өзүнчө катмарды түзүп турганын жазышат. Чынында да эпостун мазмунунда чагылдырылган башка элдердин таасири, маданий-экономикалык алакасы сөзсүз алардын адабий чыгармачылыгында чагылдырылары турган иш. Ошол эле эпостун баш сөзүндө КР УИАнын мүчө-корреспонденти, профессор Кыдырбаева Раиса Заитовна кыргыз эпосторунун калыптанышында ногой ордосу менен байланышкан доор өзгөчө маанилүү болгонун, эпостун калыптанышында өзүнчө бир катмарды түзүп турганын, кыргыздардын Эне-Сайдан Ала-Тоого жер которушу тууралуу элдин уламыштарда, санжыраларда кезиге турганын, андан башка кийинки Алтын Ордону бийлеген Ногойдун окуялары да эпостко кирип, жалпысынан ногой түшүнүгү эки башка мезгилдеги окуялардын эпикалык фонго биригишинен турарын жазат [12, 11]. Ошол эле энциклопедияда Ногой эпизоддук кейипкер катары да айтылат. Мына ушундай энциклопедиялык мүнөздөгү талдоолор “Манас” эпосуна арналган “Сагымбай”, “Саякбай” энциклопедияларда да кездешет. Айталы, “Сагынбай” энциклопедиясында ногой эли эки багытта биринчи, эл, уруу багытында экинчи, эпизоддук кейипкер катары жазылат. Мында негизги ой Сагымбай Орозбаковдун вариантынын негизинде жазылып, “ногой – Манасты колдогон эл. Манаска ынтымакташ кандардын бири кара ногой Жамгырчы, айрым варианттарда анын атасы Эштек Манастын таятасы деп айтылат” [3, 914]. Жамгырчынын казак-ногой эпосторунда анык ногой мырзамы экенин ырастаган бир катар фактылар бар. Сагымбай манасчынын вариантында берилиши кытай, калмак, уруулары менен биргеликте ногой уруусу да Көкөтөйдүн ашына келип катышканы тууралу “Сагымбай” энциклопедиясында айтылат.

Ал эми “Манас” эпосунун тарыхый катмарлануусу тууралуу чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын кайрылганы тууралуу К.Кулалиева өз макаласында төмөнкү окумуштууларды белгилейт: “...М.О. Ауэзов, В.М. Жирмунский, А.Н. Бернштам, М.И. Богданова, Б.М. Юнусалиев, Р.З. Кыдырбаева, обратились к вопросу о генезисе эпоса и приходили к общему выводу о том, что художественная форма и содержание эпоса «Манас» свидетельствует о многовековом становлении и развитии эпоса. Известный манасовед С. Мусаев в своей книге «Эпос «Манас»» приводит основные три гипотезы возникновения и формирования эпоса” [14, 304] – деп белгилейт. Чынында да окумуштуу Р.З.Кыдырбаева “Генезис эпоса “Манас” аттуу монографиялык эмгегинде “Эпоха, связанная с Ногайской Ордой, явилась важной вехой в истории сложения и бытования киргизского эпоса. Мотив принадлежности Манаса к роду ногай встречается во всех без исключения версиях эпоса, он повторяется и в недавно найденной псевдоисторической хронике “Маджму-ат-Таварих” [13, 168] – деп, Алтын-Ордо мезгилиндеги тарыхый доордун эпостун катмарлануусуна тийгизген таасирлеринин өзгөчө экенин баса белгилеп, бир катар конструктивдүү ойлорун ортого салат.

Эпостогу катмарлануу, Сагымбай, Саякбай манасчылардын варианттарындагы ногой түшүнүгүнүн берилиш өзгөчөлүктөрүн талдоо менен эпосто каармандын аталышы жана эл, уруу катары берилишин, алардын текстте чагылышы кайсы окуялар менен байланышта караларын, ногой

элинин эпосто чагылдырылышын тарых, этнография, фольклористика, антропология ж.б. аспектилеринен изилдей турган өзгөчө мазмундагы маселе экенин белгилейт.

Ал эми манасчы Т.Бакчиев "Манас" эпосундагы "ногой" этнониминин берилишин М.Чокморовдун вариантынын негизинде талдоого алып, "Манас" эпосунун текстинде чагылдырылган кырктан ашык урууларын бар экендиги, анын ичинде ногой уруусу тууралуу дагы маалыматтар кездешери тууралуу жазып, бул маселе дагы да талдоону изилдөөнү талап кыларын белгилейт.

"Манас" эпосундагы "ногой" этнониминин чагылдырылышы, тарыхый жоорлордун эпосто катмарлануусу сындуу маселелерди талдоодон башка да Алтын-Ордо доору, аты уламышка айланган легендарлык акындардын чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу Батма Кебекованын "Легендарлык акындар" аттуу изилдөөсүндө да ногой эли тууралуу мыкты илимий талдоолор жүрөт. Аталган эмгегинде окумуштуу 13-кылымда жашаган Кетбука тууралуу уламыштардын түрк тилдүү элдердеги уламыштарда таралышы, кыргыздарда Арстанбек, Кармолдо комузчулардын черткен күү баяндарында да ногойлор тууралуу маалыматтар сакталары, ал тургай автор ногой окумуштуусу А.Сикалиев менен байланышып, Кет бука тууралуу мурда жарыяланбаган маалыматтарын пайдалана аты уламышка айлнган акындардын өмүр жолу, чыгармачылыгы тууралуу салыштырма мүнөздөгү талдоолорун жасайт.

Демек, Кыргыз-ногой фольклордук байланышынын изилдениш тарыхына көз чаптырганыбызда көбүнчө эмгектер "Манас" эпосундагы "ногой" этнониминин берилиши, эпостогу тарыхый катмарлануу боюнча илимий изилдөөлөрдө берилет. Ошондой эле аты уламышка айтанган Кет Бука, Санчы Сынчы, Асан кайгы сындуу легендарлык акындардын чыгармачылыгын изилдөөдө да Алтын-Ордо мезгили, түрк тилдүү элдердин бири катары ногой элинде дагы айтылган нуламыштар тууралуу талдоолор бар экенин көрөбүз.

***Адабияттар:***

1."Манас": Саякбай энциклопедиясы / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б: "Принт Экспресс", 2016. – 1260

2."Манас" эпосунун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчү. – 1. 4-китеп. – Бишкек: КТМУ, 2022. – 564 бет.

3."Манас": Сагымбай Орозбаков энциклопедиясы / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: "Принт Экспресс", 2015. – 1416

4. "Манас" энциклопедиясы 2-том. – Бишкек, 1995, 440 б.

5.Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу, 1-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча. КР УИАнын Адабият жана искусство институту. – Б.: "Кыргызстан", 1995. – 586 б.

6.Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу, 5-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча. КР УИАнын Адабият жана искусство институту. – Б.: Кыргызстан, 2006. – 756 б.

7.Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу, 8-9-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча. КР УИАнын Адабият жана искусство институту. – Б.: Кыргызстан, 2014. – 806 б.

8.Манас: Баатырдык эпос. Багыш Сазановдун варианты боюнча. Түзгөн: З.Кулбаракова. – Б.: "Бийиктик плюс", 2017. – 668 б.

9."Манас". Саякбай Каралаевдин айтуусунда / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: "Принт Экспресс", 2016. – 760

10. "Манас". Шапак Рысмендеевдин айтуусунда / Түзгөн: А.Жайнакова. – Б.: "Газета KG", 2013. – 328

11. КР УИАнын Кол жазмалар фонду Инв. №1165., 9-дептер

12. "Манас" энциклопедиясы 1-том. – Бишкек, 1995, 440 б.

13. Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса «Манас». Ф.: Илим, 1980. 279 с.

14. Кулалиева К.О. Употребление этнонима «ногай» в эпосе «Манас» // Ногайлар: XXI ВЕК. История, язык, культура.От историков – к грядущему. Материалы Второй международн. Научко-практич. Конференции. – Черкеск., 2016.